# Т.КАСЫМБЕКОВДУН “СЫНГАН КЫЛЫЧ” РОМАНЫНДАГЫ АКСЫ ГОВОРУНУН КОННОТАЦИЯЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**Надырбаева Кутбү Озубековна**

*Улук окутуучу, КР Билим берүүнүн отличниги*
*Борбор Азия эл аралык медициналык университети*
*Кыргыз Республикасы Жалал-Абад шаары*

**Аннотация:** Бүгүнкү илимий макалабызда Т.Касымбековдун “Сынган кылыч” романындагыАксы говорунун өзгөчөлүктөрүнилик төөгө алдык. Көркөм чыгарманы жаратуучулар окуянын кайсы жерде болгонуна маани берип, ошол жердин сүйлөө өзгөчөлүктөрүн, салт-санаасын эске алат, антпесе, чыгарма реалдуулуктан чыгып калат. Жазуучу Кокон хандыгы мезгилиндеги Аксы жергесиндеги окуяларды, каармандардын образдарын ачып берү үдө жергиликтүү элдин сүйлөө кебине, говорго, өзгөчө маани берип, ар бир каармандын портреттик бейнесин реалдуу чагылдырган. Каармандардын чыныгы бейнеси автордун жеке сүрөттөө чеберчилигинин астында лексикалык, фразеологиялык, болгондо да говордук коннотациялар аркылуу образдуу, элестүү, таасирдүү сүрөттөгөн. Коннотацияны изилдөөлөргө алган бир катар илимий эмгектерге таянып, эне тилибизде илимий изилдөөлөрдү жасап, жергиликтүү говордук коннотациянын кебибизде ээлеген ордун ачып берүүгө аракеттендик.

**Ачкыч сөздөр***:* коннотация, денотат, пикир алышуу, туюнтма, говор, эмоцияналдык, стилдик боёкчолор, экспрессивдик маалымат, коннотатив, диалог.

Т.Касымбековдун "Сынган кылыч" романы кыргыз адабиятынын классикалык чыгармаларынын бири катары кыргыз элинин тарыхын, маданиятын жана социалдык турмушун терең чагылдырган чыгарма болуп саналат. Романдагы каармандарды сүрөттөөдө автор Аксы говорунун тилдик жана диалектилик өзгөчөлүктөрүнө кеңири маани берген. Аймактык говорлор, өзгөчө коннотациялык элементтер, каармандардын мүнөзүн, ички дүйнөсүн ачып берүүдө маанилүү курал катары колдонулган.

Коннотация – бул сөздөрдүн жана сөз айкаштарынын негизги мааниси менен кошумча эмоционалдык, стилдик боёкторду камтыган мааниси. Изилдөөдө Аксы говорунун коннотациялык өзгөчөлүктөрү романдын каармандарынын тилинде кандайча чагылдырылганы жана бул өзгөчөлүктөр каармандардын мүнөзүн түзүүдөгү ролу талдоого алынган.

Кыргыз тили узак жолду, нечен доорлорду басып өтүп, канча диалект менен говорго бөлүн бөсүн, баары бир өзүнүн ички системасын, структурасын, тилдик ажырагыс биримдигин сактайт.

Мындай биримдиктин сакталышынын себеби, эң алгач тилдин ички маани берүүчү семиасиологиялык системасы, түзүлүш касиети, пикир алмашууга ийкемдүү келген табигый өзгү. Кийинки себеп, коомдук-экономикалык формацияларда кыргыз тилинин диалектилери жалпы элдик тилге баш кошуп, диалектологиялык айырмачылыктарга караганда алардын ортосунда жалпылык, ортолук белгилер (уюткусу) басымдуулук кылгандыгы.

Айрыкча көркөм чыгарма жаратууда жазуучу ошол тилдик өзгөчөлүктү эске алат. Антпесе жазып жаткан чыгармасы реалдуулуктан четтеп калат. Ушул жаатта белгилүү жазуучу Т.Касымбеков чеберчилик менен өзүнүн “Сынган кылыч” тарыхый романында Аксы чөлкөмүндө күн кечирген кыргыздардын тилдик өзгөчөлүгүн окуянын жүрүшү аркылуу каармандарга сүйлөтүү менен абдан образдуу ачып берген.

Изилдөөнүн актуал дуулугу кыргыз тилиндеги аймактык говорлордун адабиятта колдонулушун жана алардын көркөм чыгармалардагы ордун изилдөөгө байланыштуу. Аймактык говорлор тилдин байлыгын жана ар түрдүүлүгүн көрсөтүп, реалдуу жашоо шарттарын жана маданиятты чагылдырууда күчтүү курал болуп саналат. Т.Касымбековдун чыгармасында Аксы говорунун колдонулушу, анын кыргыз адабиятындагы уникалдуу феномени катары бааланат.

Бул изилдөө аймактык тилдик өзгөчөлүктөрдүн адабияттагы ролун терең түшүнүүгө, кыргыз тилинин диалектологиясын изилдөө ишине жаңы салым кошот. Айрыкча, коннотациялык боёктордун каармандарды түзүүдөгү мааниси адабий чыгармаларда чеберчилик менен колдонулуп, алардын маанисин тереңдетет.

Изилдөөнүн негизги максаты Т.Касымбековдун "Сынган кылыч" романындагы Аксы говорунун тилдик-коннотациялык өзгөчөлүктөрүн изилдеп, алардын көркөм чыгармалардагы каармандардын образын түзүүдө кандай роль ойной турганын аныктоо. Адабий чыгармаларда диалектилик коннотацияларды колдонуунун маанилүүлүгүн жана аларды чеберчилик менен колдонуу аркылуу авторлор каармандардын дүйнө таанымын жана эмоцияларын кандайча реалдуу чагылдыра аларын изилдөө максаты коюлган.

**Т.Касымбековдун романынын негизинде Аксы говорунун тилдик өзгөчөлүктөрүн жана коннотацияларын талдоо.**

Т.Касымбековдун "Сынган кылыч" романы кыргыз элинин тарыхый доорун чагылдыруу менен бирге, ошол мезгилде жана ошол аймакта жашаган элдин тилдик өзгөчөлүктөрүн терең көрсөткөн чыгармалардын бири болуп саналат. Автор Аксы аймагына таандык тилдик өзгөчөлүктөрдү колдонуу аркылуу чыгарманы байыткан, аймактык диалектилик элементтерди колдонуу менен каармандардын образдарын жандуу жана реалдуу кылып ачып берген.

Аксы говору кыргыз тилинин регионалдык говорлорунун бири катары белгилүү. Бул говордо колдонулган тилдик элементтер фразеологиялык жана семантикалык боёктор менен айырмаланат. Т.Касымбеков өзүнүн чыгармасында аталган говордун өзгөчөлүктөрүн жогорку деңгээлде сүрөттөгөн. Аймакка мүнөздүү сөз айкаштары жана фразалар роман каармандарынын сүйлөө тилине өзгөчө бир эмоционалдык жана стилистикалык боёк берип, алардын социалдык абалын, тарыхый контекстти жана мүнөздөрүн терең ачып берген.

Мисалы, *Бир кемпирди токтотушка чамаңар жетпедиби, кайсы көрдөн жетип келди ал?* [Т.Касымбек, 1998. - 72] ***"Кайсы көрдөн жетип келди?"*** – бул сүйлөм күтүлбөгөн жерден чыга калуу деген мааниде каармандын башкаларга болгон жек көрүүсүн билдирет.

**Коннотациялык элементтердин каармандардын образын түзүүдө кандай таасир этерин аныктоо.**

Коннотация – бул сөздүн же сөз айкашынын негизги (денотативдик) маанисинен тышкары кошумча эмоционалдык, стилистикалык, же маданий боёкторду алып жүрүүчү тилдик каражат. Ал кандайдыр бир затты сүрөттөөдө же, кайсы бир адамдын жазуу кебиндеги пайдаланылган тил каражаттарындагы кошумча компоненттерди алып жүрүүчү лингвистиканын бир тармагы. Кошумча туруктуу сөз маанилеринин эмоционалдык же логикалык компоненти катары дүйнөгө болгон улуттук көз карашына багытталган прагматикалык тил функциясы. Алар сөздүн денотативдик функциясынын семантикалык өз ара катышынын каймана маанисиндеги аспектиси [Ю.Д. Апресян, 1995].

Т.Касымбековдун "Сынган кылыч" романында коннотациялар авторго каармандардын мүнөзүн, социалдык абалын, жана дүйнөгө болгон көз карашын ачып берүүдө чоң жардам берген.

Романда колдонулган коннотациялык элементтер каармандардын сүйлөө кебинде, алардын эмоцияларын, ички дүйнөсүн жана социалдык статустарын терең ачып берет. Ар бир каармандын тили өзүнчө мүнөзгө ээ болуп, алардын турмуштук көз карашын жана тажрыйбасын чагылдырат. Коннотациялар аркылуу каармандар өздөрүнүн ачуусун, кубанычын, ишенимин же коркунучун чагылдырып, алардын инсандык өзгөчөлүктөрү тереңирээк ачылат.

Дагы бир ушул сыяктуу ойду таасирдүү, образдуу кылып берген говордук коннотацияларга токтололу. Мисалы: *Үйдөн Эсенбай бай ызырынды:"Карма, кутурган калди!"* [Т.Касымбек, 1998. - 83] ***"Кутурган кал"*** – Нүзүптүн күчтүү, көзгө илинбеген, катаал жана тайманбас мүнөзүн сүрөттөгөн. Коннотация бул жерде каармандын баш ийбестигин жана көктүгүн баса белгилеп турат.

Романда коннотациялар каармандардын эмоцияларын терең чагылдырат. Мисалы, ачууланган учурда колдонулган сөздөр алардын кыжырдануусун так көрсөтүп турат. Ал эми кубанычтуу учурларда колдонулган сөздөр каармандардын жандуу эмоцияларын чагылдырган. Мындан тышкары, коннотациялар социалдык статусту да көрсөтөт: каармандар бири-бири менен сүйлөшүүдө өз деңгээлдерин тил аркылуу билдирет. Бийик статуска ээ каармандар өзгөчө стилдеги, терең маани камтыган сөздөрдү колдонушат, ал эми жөнөкөй элдин тили алардын жөнөкөй жашоосун жана карапайым мүнөзүн чагылдырат.

**Кыргыз тилинин диалектологиясында коннотациялардын ордун жана алардын адабий тилдеги колдонулушун көрсөтүү.**

Кыргыз тилинин диалектологиясында коннотациялар - тилдин байлыгынын жана ар түрдүүлүгүнүн көрсөткүчү. Диалектилик өзгөчөлүктөр сөздөргө кошумча эмоционалдык, стилистикалык жана маданий маанилерди берип, бул тилдик каражаттардын колдонулушу аркылуу элдин турмуштук тажрыйбасын, дүйнө таанымын жана эмоцияларын чагылдырат. Кыргыз тилинин ар кандай регионалдык говорлору өзүнө тиешелүү коннотациялык элементтер менен айырмаланып, бул өзгөчөлүктөр сүйлөө тилинде гана эмес, адабий чыгармаларда да кеңири колдонулат. Аймактык коннотациялар тилди түрдүү боёктор менен байытып, ар бир региондун маданий жана социалдык өзгөчөлүктөрүн чагылдырган тилдик курал катары кызмат кылат.

Адабий тилде коннотациялар авторлорго каармандардын образын жандуу жана терең ачып берүү үчүн маанилүү. Диалектилик элементтерди колдонуу аркылуу жазуучулар окурманды каармандардын турмуш чындыгына жана жашоо образына жакындатат. Коннотациялар кыргыз адабий тилинде кеңири колдонулуп, адабий чыгармаларга уникалдуу мүнөз жана жандуулук берип турат. Адабий чыгармаларда диалектилик коннотациялар сүйлөмдөргө кошумча

эмоционалдык жана экспрессивдик боёкторду берип, каармандардын ички дүйнөсүн, алардын социалдык статусун жана жеке мүнөзүн ачып берет.

Мисалы, Т.Касымбековдун "Сынган кылыч" романында автор Аксы говорунун өзгөчөлүктөрүн колдонуу аркылуу каармандардын реалдуу образын түзөт. Аймактык коннотациялар каармандардын социалдык статусун, психологиялык абалын, тарыхый контекстти так жана ачык көрсөтөт. Кыргыз адабиятынын башка чыгармаларында дагы диалектилик өзгөчөлүктөр кеңири колдонулуп, алар чыгармалардын тематикасын жана каармандардын дүйнө таанымын тереңирээк ачып берет.

*Бул эми түн каткан ууруга гана пеш боло алат* [Т.Касымбек, 1998. - 49] ***"Пеш болуу"*** сыяктуу фразалар аймактык говорлордун өзгөчөлүгүн чагылдырат, бул кылычтын өз күчүн жоготуп баратканын гана билдирбестен, анын символикалык маанисин да ачкан. Коннотация каармандын физикалык жана эмоционалдык абалын чагылдырат.

Диалектилик коннотациялар адабий тилге кошумча эмоционалдык боёкторду берип, чыгарманын тилин байытат. Мындай элементтер каармандардын образдарын терендетүүдө, окуялардын чыныгы атмосферасын берүүдө жана окурманга көбүрөөк таасир калтырууда маанилүү роль ойнойт. Кыргыз адабиятында бул коннотациялар маданий жана социалдык чындыктарды чагылдырууга жардам берип, чыгармаларды окуп жатканда окурманды ошол аймакка, мезгилге жана шарттарга жеткирет.

**Аксы говорунун коннотацияларынын эмоционалдык жана стилистикалык боёкторун изилдөө аркылуу алардын чыгармадагы ролун түшүнүү.**

Коннотация – бул сөздүн же фразанын негизги маанисине кошумча эмоционалдык өң берип, аны кеңейтүүчү тилдик каражат. Т.Касымбековдун "Сынган кылыч" романында колдонулган коннотациялар каармандардын эмоцияларын жана ички дүйнөсүн тереңирээк ачып берүүдө чоң роль ойнойт. Аксы говоруна мүнөздүү фразалар каармандардын эмоциялык абалын сүрөттөөдө өтө күчтүү эмоционалдык таасир берет. Мындай коннотациялар аркылуу автор каармандын ачуулануусун, кубанычын, кайгысын, күмөн саноосун жана башка эмоцияларын таасирдүү кылып жеткире алат.

Романдагы стилистикалык боёктор - сөздөрдүн, фразалардын чыгармага эстетикалык жана көркөмдүк кооздукту кошкон кошумча мааниси. Аксы говорунун коннотациялык элементтери стилистикалык боёкторду өзүндө алып жүрүп, чыгарманы көркөм кылып турат. Стилистикалык коннотациялар романга өзгөчө мүнөз берип, каармандардын сүйлөө тилин чыныгы жашоого жакын кылып сүрөттөйт. Аймактык тилдик өзгөчөлүктөр жана идиомалар каармандардын тилдик чеберчилигин чагылдырып, алардын социалдык абалы менен маданий деңгээлин көрсөтүүгө жардам берет.

*Туураң жыртылып кете турган болду өзүңдүн да... жем издеп жүрүп...-деди Сүйүмкан* [Т.Касымбек, 1998. - 257] деген мисалында болсо, ***тууран жыртылып кете турган болду*** деген говордук туруктуу сөз айкашы да Сарыбай мүнүшкөрдүн турмуштагы оор кырдаалын, чыңалууну жана кыйынчылыктарды символдоштуруп, көркөмдүктү арттырат.

Бул стилистикалык элементтер чыгарманы реалдуу жашоого окшоштуруп, окурманды каармандардын турмушуна тереңирээк киргизүүгө жардам берет.

Аксы говорунун коннотациялары эмоционалдык жана стилистикалык боёктору менен романга чыныгы жашоо атмосферасын берип, окурманды окуянын ичинде жүргөндөй сезим калтырат.

Изилдөөнү ишке ашыруу үчүн төмөнкү методдор колдонулду:

**1. Контент-талдоо методу:** Т.Касымбековдун "Сынган кылыч" романынын текстин талдоо аркылуу каармандардын сүйлөө өзгөчөлүктөрүн аныктоо жана диалектилик коннотацияларды чагылдыруу. Бул метод романдагы тилдик жана фразеологиялык өзгөчөлүктөрдү табууга жана талдоого жардам берет.

2. **Салыштырмалуу талдоо:** Аксы говорунун коннотациялык өзгөчөлүктөрүн башка региондук говорлор менен салыштырып, аларды колдонуудагы айырмачылыктарды жана окшоштуктарды аныктоо. Бул ыкма аркылуу кыргыз тилиндеги аймактык коннотациялардын жалпы өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт.

3. **Лингвистикалык талдоо:** Сөз айкаштарынын жана сүйлөм түзүлүштөрүнүн фразеологиялык жана стилистикалык өзгөчөлүктөрүн лингвистикалык багытта изилдөө. Бул метод каармандардын тилдик өзгөчөлүктөрүн жана алардын образга тийгизген таасирин терең изилдөөгө шарт түзөт.

4. **Семантикалык анализ:** Аксы говорундагы сөздөрдүн жана фразалардын кошумча маанисин, алардын эмоционалдык жана прагматикалык боёкторун талдоо. Семантикалык анализ аркылуу сөздөрдүн негизги жана кошумча маанилерин аныктоо жана алардын чыгармадагы маанилүүлүгүн изилдөө мүмкүнчүлүгү түзүлөт.

Жазуучу Аксы жергесине таандык тилдик өзгөчөлүктү каармандар аркылуу мыкты ачып бергендигин жогоруда айтып өттүк. Анда ошол говорлордон мисал келтирип, талдоого алып көрөлү.

*Ыракмат, үкем, билгиликтүү кишинин ишин кылдың* [Т.Касымбек, 1998. - 73] деген мисалда болсо, ***үкем, билгиликтүү кишинин ишин кылдың***деген сөз тизмектери да өзгөчө таасирдүү угулат. Нүзүп бийдин Абилге карата ыраазычылыгы, анын бүтпөй турган ишти айттырбай чече алуучу өзгөчө сапатка ээ экенин ушул фраза менен баса белгилеп жана *үкем* деген говор менен, өзүнө жакын саноо, ар дайым сен мындан ары менин көз алдымда болосуң деген Нүзүптүн ишааратын байкоого болот.

Ал эми төмөнкү мисалда:-*Гм,көз кургур кете баштаган го, өңүң эле жылуу учурап баятан бери...* [Т.Касымбек, 1998. - 275] ***өңүң жылуу учурайт*** деген говордук коннотация тааныш көрүнүп турасың деген түшүнүк.

*Дан багабыз деп жүрүп журтчулукту унутуп калышыптыр, жанынан өтсөк иттен чыгарганга жарашпады деген кинеси болот, а ошондон кутулуп койгула* [Т.Касымбек, 1998. - 278] деген мисалда учураган говорлор: ***дан багабыз деп жүрүп*** (дыйканчылык кылабыз деп жүрүп), ***кинеси болот*** (сөзү болот) деген маанилерди камтыган коннотациялар берилген.

Бул жергиликтүү калктын күнүмдүк оокат менен эле алек болбой, келген-кеткен адамдарга да каралашып, жардамдашалы, чарчоосун кандырып, үйдөн суу болсо суу, чалап болсо чалап берип узаталы деген меймандостугунан кабар берет.

Бекназардын аялы Канышка абдан кабатыр болгондугу: *"-Эй,-деди Бекназар өтө камтама,- ээн жүрбөсөң, жалгыз калбасаң!..* [Т.Касымбек, 1998. - 341], - деген мисалдан кбайкоого болот. Келинчегин аягандыгы ***ээн жүрбөсөң*** деген говордук коннотацияда берилет. Ал маани- жалгыз жүрбө, күнбү, түнбү эч ким жок жерге өзүң барба деген сыяктуу камкорлук. ***Камтама*** деген автордун сөзү болсо-кабатырчылык, кыжалатчылык деген мааниде.

*Баягы сенин ашыңда эр чабышта тийип калган тайды жашаңга откозуп жүргөн элем* [Т.Касымбек, 1998. - 349]. Берилген мисалда болсо говордук коннотация -***жашаңга откозуп.*** Бул кеп бирдигинин мааниси – тайды жаңы чөпкө откоруу, *жашаң* - жаңы өсүп чыккан жумшак чөп.

Автор ар бир каармандын кебинде ошол жергиликтүү элдин күнүмдүк турмуш-тиричилигинде колдонгон кебинде сүйлөтүп, каармандардын реалдуу картинасын чеберчилик менен түзгөн. чыгарманын контекстиндеги берилген каармандардын сөздөрү жөнөкөй эле бир келди-кетти сөздөр эмес, ошол чыгармадагы каармандардын бейнесин, ачып берүүчү говордук коннотациялар. Алар каармандардын билимин, ой толгоосун, акылын, адебин, камкордугун, боорукерлигин, мээнеткечитигин, адамгерчилигин, тайманбастыгын, ошол эле учурда айрым каармандардын карөзгөйлүгүн өзүнүн тили, болгондо да овордук көркөм коннотациялар менен ачып берген.

Дагы бир канча мисалдарды жазып, ал кеп бирдиктеринин маанилерин ачыктап кетебиз.

***Набы бар жакка*** *(ыңгайлуу жак) ыктап бараткан экенсиңер, түзүк...* [Т.Касымбек, 1998. - 357].

*Кайда, жанагы **тилазар**?(эч кимге баш ийбеген, тил албаган)* [Т.Касымбек, 1998. - 364]

*Быйыл көп минилип калды, көр тирилик... (бүтпөгөн тиричилик)*

*Кантели, арты кайырдуу болсун, **мындан өткөн көңүл төтөгү барбы**... (көңүл жубатар сөз)* [Т.Касымбек, 1998. - 366].

*Сиздей **жетик адам** (баамчыл, даанышман) болбосо, бу жүгөнсүз элди ким **кургүчтөп** (топтоп, бир жолго салып) бермекчи?* [Т.Касымбек, 1998. - 367].

*Ким бу, **бейубак** жүргөн (беймаал)* [Т.Касымбек, 1998. - 373].

*Тур өйдө, кимге тантырап койдуң, **арамы**? (адам эмес, акмак) **Кассам ургур**! (ант урган)* [Т.Касымбек, 1998. - 424].

*Өлмөктөн **доңуз кап** (өлсөң өл) **курсакта урган**! (жаралгандан эле акмак болчусуң)* [Т.Касымбек, 1998. - 426].

*Буларга **боору ачыды** (аяды)белем...* [Т.Касымбек, 1998. - 435].

*Кызынын **көйүнөн** (азабынан) да Сарыбайга аялынын **элирип** кеткени (жиндеп) катуу тийген.*

***Соо болгон эмес*** *экен... (кырсыктаган)* [Т.Касымбек, 1998. - 439].

*Мадыл деп обдулду да, тура албай **эмгектеп**(жөрмөлөп)жыгылды.*

*Бул өлгөндүн **ыманын тазартуу** (күнөөсүн жуу)* [Т.Касымбек, 1998. - 443].

*Заман **чалкештенип** (башаламан) келатат окшойт* [Т.Касымбек, 1998. - 444].

*Э, айланайын, Кулакең сага **сары улак болсун** (айланып кетсин)* [Т.Касымбек, 1998. - 699].

**Бул изилдөөнүн негизинде төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга болот:**

1. Аксы говорунда колдонулган сөз айкаштары каармандардын мүнөзүн ачып берүүдө чоң

мааниге ээ. Бул чыгармалардагы говордук элементтер каармандардын тарыхый жана маданий чөйрөсүн реалдуу көрсөтүүгө жардам берет.

2. Жазуучу элдин сүйлөө өзгөчөлүктөрүн чеберчилик менен колдонуп, окурманды окуяларга терең сиңире алган. Мындай диалектилик элементтер чыгарманын реалдуулугун жана көркөмдүгүн арттырат.

3. Романда колдонулган тилдик коннотациялар автордун чеберчилигин көрсөтүп, каармандардын реалдуу образын түзүп, алардын сөздөрү аркылуу социалдык кырдаалды чагылдырууга жардам берген.

**Мындан ары жүргүзүлүүчү изилдөөлөр үчүн сунуштар:**

**1. Регионалдык говорлорду терең изилдөө:** Мындай изилдөөлөр кыргыз тилинин байлыгын жана анын көркөм чыгармалардагы колдонулушун толук түшүнүүгө шарт түзөт.

**2. Диалектилик элементтердин адабияттагы орду:** Бул өз кезегинде элдик тил менен адабияттын өз ара байланышын терең изилдөө үчүн негиз болот.

**3. Коннотациялык анализди колдонуу:** Адабиятта коннотациялык элементтерди талдоо келечекте тил илиминде жана жаңы изилдөөлөрдүн багытын аныктоого жардам берет. Ар бир региондун говордук өзгөчөлүктөрүн изилдөө келечектеги илимий изилдөөлөр үчүн актуалдуу тема болуп саналат.

## АДАБИЯТТАР


1. Апресян Ю.Д. Коннотациялар сөздүн прагматикасынын бир бөлүгү катары. – китепте: Ю.Д.Апресян. Тандалган эмгектер. 1995-ж.
2. Т.Касымбек Сынган кылыч, Бишкек: “Кыргызстан”, 1998.
3. Маразыков Т. С. Вербалдык сүйлөшүүнүн табияты, Кыргыз тили ж-а адабияты. – 2004.
4. Тилдин интегралдык сүрөттөлүшү жана системалык лексикография. М., 1995.
5. Жапаров Ш., Сыдыкова Т. Ж. Кыргыз тилинин диалектологиясы – Б.: (окуу китеби), 2013.